№65 ЭКОЛОГИЯ-ЭКОНОМИКАЛЫК ЛИЦЕЙИ

ЭКОЛОГО-ЭКОНОМИЧЕСКИЙ ЛИЦЕЙ №65

* 7-л класс
* Класс жетекчи Ниязалиева З. Д.



**Кусейин Карасаев (1901-1998) – кыргыз совет тилчиси, улуттук туңгуч лексикограф жана лексиколог. Филология илимдеринин кандидаты (1944), профессор (1966), Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер (1992).**



1901-жылдын 5-январында азыркы Ысык-Көл областынын Түп районуна караштуу Кең-Суу айылында орто чарба үй-бүлөдө төрөлгөн.

Эски мектептен кат тааныган. Алгачкы билимди Пржевальск шаарындагы орус-тузем мектебинен алган. Ленинграддагы Енукидзе атындагы Чыгыш институтун бүтүргөн (1931).

1923-1925жж. Ташкент шаарындагы кыргыз агартуу институтунан окуган. Бул института окуп жүрүп « Эркин-Тоо» гезитинин алгачкы сандарын чыгарышкан жана ага кабарчылык кылган, Орто Азия мамлекеттик университинин жумушчу факультетине кыргыз тилинен сабак берген (1923-1927) , ошондой эле ВКП (б) БКнын Орто Азия бюросунун котормочулар жана рецензенттер тобунун бюросуна мүчө болгон.



К. Карасаевдин студенттик кези. 1924-ж.





# Кыргыз алфавитинин түзүүчүлөрүнүн 1-кеңешмеси

Оңдон солго экинчиси

К. Тыныстанов.

## 1926-ж.



Ц. И. К. С.С.С.Р.
Средне-Азиатский
ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ
„13" Декабря 1926 г.
№ 6504
г. Ташкент, Телеф. № 417. 661
Телеграфн. Адрес:
Ташкент, САГУ

Удостоверение

Настоящим удостоверяется, что Карасаев Хусаин —
действительно состоит преподавателем Рабочего факультета
Средне-Азиатского Государственного Университета

Ректор
Управляющий делами
Заведующий Столом

# Карасаевдин Жумушчу факультетинин мугалим күбөлүгү. 1926-ж.

1926-жылы Ишенаалы Арабаев экөө «Жаңылык» китебин жазышат. Ал китептен кыргыздын 60 пайыз сабатсыздыгын жоюга жардамчы болот. 1927-жылы Азербайжан мамлекетинин Баку шаарында өткөрүлгөн жаңы түрк алфавитинин борбордук комитетинин пленумуна катышкан. Терең билим алуу максатында Ташкенттеги окуусун таштап, 1928-жылы Ленинград шаарындагы чыгыш институтунда Түркологиялык семинариясына кирет (араб фарзы). Институттун өзүндө лексикадан сабак берчу. Константин Юдахин экөө кыргызча-орусча сөздүктү түзүшкөн. Кийин Юдахин байбичеси менен Токтоянга келип материал топтоп кыргызча үйрөнүп кетишкен деп атабыз күлүп калаар

# К. Карасаев Айша жубайы менен (жаш кези)





К. Карасаев, Айша Карасаева кыздары Люся, Галя, Алтынай менен. 1930-ж.



**К. Карасаев байбичеси Айша менен эс алууда. 1995-ж.**

# Айша Карасаева 2014-жылы 103 жаш курагында бул дүйнө менен кош айтышкан



1931-жылы Адабият жыйноо инструкциясын жазып, басмадан чыгарып, эл арасынан манасчы издеп айтылуу Саякбай Каралаевди алып келип, үйүнө этнографиялык кече уюштуруп Белек Солтоноев, Касым Тыныстанов, Ыбрай Тойчиев, Турсун ата жана башкаларды чакырып сындан өткөрөт. Алар бир ооздон Саякбайдын вариантын жазууну жактырышат. Ошентип, Саякбай Каралаевдин айтуусунда Манас эпосун жазып алууну уюштурган. «Манас» сөзүн манастаанууга биринчилерден киргизген. Кусеин Карасаевди Моквага чакырып «Манас» эпосун жазууга консультация өтөт.

Иши оңоло баштаганда 1941-жылы согуш башталып аскерге барбай турган буйрук беришет. 1944-жылы кондидаттык дисертациясын жактап, чыгармачылыкка катуу киришип, бир нече китеп жазат. 1946-жылы КПСС мүчөсү

# ЭМГЕКТЕРИ

* «Жаңылык» чоңдор үчүн окуу курал (1927-жылы латын арибинде чыккан)
* Орусча-кыргызча сөздүк (И. А. Батманов, К. Карасаев) — Фрунзе-Казань, 1938-ж.
* Орусча-кыргызча сөздүк (Ж. Шүкүров, К. Юдахин, К. Карасаев) — М., 1944-ж.
* Кыргыз тилиндеги жөндөмөлөрдүн семантикасы — Фрунзе ш., 1944-ж.
* Кыргыз ырларынын түзүлүш системасы жөнүндө, «Советтик Кыргызстан», №1. 1946-ж.
* Орфографиялык сөздүк (Ю. Яншансин, К. Карасаев), — Фрунзе ш., 1956-ж.
* Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү — Фрунзе ш., 1966-ж.
* Түгөйлүү сөздөр (Айша Карасаева, Кусеин Карасаев) — Фрунзе ш., 1971-ж.
* «Камус наама» (Манас сөздүгү) — 1990-ж. Манас эпосундагы көөнө сөздөр түшүндүрмөсү
* «Баштан өткөн мажаралар»
* «Накыл сөздөр» — 2 том. Манас эпосундагы накыл сөздөр тууралуу.
* «Өздөштүрүлгөн сөздөр»
* «Күлкү наама»
* «Кусеин Наама» - өмүр баян китеби

# Сыйлыктары

* Кызыл туу» ордени
* «Манас» ордени
* Эл аралык «Даанышман» сыйлыгы
* Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген ишмер

# Цитата

**Карасай сөздүктү» көз жүгүртүп окуп чыгуунун өзү канчалык кызык, канчалык үзүрлүү. Эне тилибиздин өзүнчө бир тарыхы болгон бул кол жазманы кызыгуу менен окуп чыктым жана башкаларга да көпчүлүккө таанышыш үчүн ушундай мүмкүнчүлүктөр болсо деген тилекте калдым.**

**Чыңгыз Айтматов**


КАРАСАЙ
УУЛУ
КУСЕЙИН



Азыр К. Карасаевдин эстелиги, мемориалдык коплекси Ысык-көл жээгине орнотулган. Бул кишинин залкар эмгектери түбөлүккө кыргыз элинде сакталып, мурас болуп кала берет. Ушундай инсанды тарбиялап өстүргөн ата-энесине, Түп элине таазим кылабыз. Артында жазып калтырган, алтындан кымбат эмгектери калды.